КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

2026-жылдын 12-августу №41 Кызыл-Октябрь айылы

**Акназаров айыл аймагынын Молдогазы Урмарал атындагы орто мектебинин директору Э.Жунусованын кайрылуусу жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылыштагы депутаттарынын 2026-жылдын 12-августундагы кезектеги 17-сессиясы Акназаров айыл аймагынын :Молдогазы Урмарал атындагы орто мектебинин директору Э.Жунусованын кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып токтом кылат:

1.Акназаров айыл аймагынын :Молдогазы Урмарал атындагы орто мектебинин батыш жагында жайгашкан тал теректерди жана кара өрүктөрдү кесүүгө макулдук берилсин.

2.Молдогазы Урмарал атындагы орто мектебинин директору Э.Жунусова КР Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агентигинин Талас аймактык башкармалыгынан теректерди жана кара өрүктөрдү кесүүгө макулдук сурасын.

3. Молдогазы Урмарал атындагы орто мектебинин теректерин жана кара өрүктөрүн кыйганга 1чарчы метри 5000 сом өлчөмүндө белгиленсин жана кесилген теректер жана кара өрүктөр мектепке жумшалсын .

4.Токтомду аткаруу жана аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Э.Тургуновго милдеттендирилсин.

5..Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Акназаров айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыяласын,каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн .

6.Ушул токтом Кыргыз Республикасыннын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Кокозов**